УДК: 338,91

Г.С.Алышбаева

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЫСЫККЄЛ ОБЛАСТЫНДАГЫ ДЕМОГРАФИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕР ЖАНА ЭМГЕК РЕСУРСТАРЫ

*Ысыккєл областтындагы демографиялык аспектилер жана эмгек ресурстарынын азыркы кездеги абалы жєнїндє маалыматтар берилет.*

Ысыккєл областы Кыргыз Республикасынын чыгыш бєлїгїндє орун алып, Ысыккєл єрєєнїн жана Ысыккєл сырттарын єз ичине камтыйт. Жалпы аянты 43,144 квадраттык км тїзїп, анын 6,236 кв. км. Ысыккєл кєлї ээлейт. Област тїндїгїнєн Казак Республикасы, чыгышынан Кытай Эл Республикасы, тїштїгїнєн Нарын областы жана батышынан Чїй областы менен чектешет.

Азыркы учурда Ысыккєл областы административдик-аймактык беш районго жана їч шаарга бєлїнгєн. Ага структурасы боюнча 5 шаар тибиндеги кыштак, 58 айыл кеўеши жана 181 айыл-кыштактары кирет (1 таблица).

Калктын кєп бєлїгї кєлдїн жээгинде жана айыл чарбасы єнїккєн Тїп, Аксуу райондорунун аймагында жашайт.

Калктын 70,7 %ын айыл калкы, 29,3 %ын шаар калкы тїзєт. 1993-2003- жылдары Ысыккєл областтынын шаар калкынын саны 3,15%га, анын ичинен Балыкчы шаары 2,6%га, Чолпоната шаары 8,5%га, Акбулак шаарчасы 14%, Жыргалаў шаарчасы 22%, Пристань-Пржевальск 12,5%ке тємєндєп кеткен. Анын негизги себептеринин бири болуп єндїрїш ишканаларынын жабылып иштебей калышы эсептелет. 1989-жылы Кажысай шаарчасында 8,2 миў киши жашаса, 2002 жылы 4,4 миў киши жашаган, б.а. 1,9 эсеге аз.

Жалпысынан алганда айыл жергесинде жашаган калктын саны акыркы 10 жылда 3,4%га єстї, кээ бир калктуу пунктарда же калктын саны азайып кеткен, же 1989-жылдагы кєрсєткїчтї кєрсєтєт.

Мындай кєрсєткїч областын бардык аймагында байкалат. Областын административдик-аймактык борбору болуп эсептелген Каракол шаарынын калкынын саны жогорку жана атайын адистик орто окуу жайда окуган жаштардын эсебинен 4,6%га єстї.

Ысыккєл областынын аймагында 70 тен ашуун улуттун єкїлдєрї жашайт. Улуттун негизги бєлїгїн кыргыздар (76,5%), андан кийин орустар (15,1%) тїзєт.

Акыркы 10 жылдагы болуп жаткан миграциялык процесстердин жана демографиялык абал, калктын улуттук курамынын чоў єзгєрїїсїнє алып келди.

Шаар калкынын кєпчїлїк бєлїгї кыргыздар. Каракол шаарынын салыштырма салмагы кыргыздар 57%, ал эми орустар 27%, Балыкчы шары 84% жана 11%, Чолпоната шары 66% жана 26%, Кажысай шарчасы 71% жана 25%. Бир гана Пристань-Пржевальск шарчасында кыргыздар 23% ды орустар 63%ды тїзєт.

***Ысыккєл областынын административдик-аймактык бєлїнїшї***

*1 таблица*

| | Аянты кв. км. | Административдик-аймактык бирдиктин саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | шаарлар | | Шаарча-лар | Айылдык кеўештер | Калк-туу айыл-кыштак тар |
| | | баар-дыгы | Анын ичинен обл. тиешелїї | | | |
| Кыргыз Респуб-ликасы | 199945 | 22 | | 28 | 442 | 1796 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысыккөл областы | 43144 | 3 | 2 | 5 | 58 | 181 |
| Каракол шаардык кеңеши | 48 | 1 | 1 | 2 | - | - |
| Балыкчы шаардык кеңеши | 19 | 1 | 1 | 1 | - | - |
| Аксуу району | 9963 | - | - | - | 13 | 42 |
| Жетөгүз району | 14027 | | | | 13 | 43 |
| Ысыккөл району | 3603 | 1 | - | - | 12 | 30 |
| Тоң району | 7129 | - | - | 1 | 8 | 30 |
| Түп району | 2119 | - | - | 1 | 12 | 36 |

Айыл жергесиндеги моноулуттуулук Тоң жана Жетөгүз райондорунун көпчүлүк бөлүгүн түзөт. Аксуу, Ысыккөл жана Түп райондорунда кыргыздардан тышкары казактар, орустар, калмактар жашашат. Мисалы, Ысыккөл районундагы Ананьево айылында кыргыздар 47%, орустар 42%, Өрүктү-Хутор айылында 54% кыргыздар, 40% казактар, Аксуу районунун Челпек айылында 45% кыргыздар, 52% калмактар ж.б.

Жалпысынан калктын жыштыгы 1 кв. км 11,2 киши туура келет. (Ысыккөл көлүнүн акваториясынын аянтын кошпогондо).

Эң жогорку калктын жыштыгы Түптө (1 кв. км 14,8 киши) жана Ысыккөлдө (1 кв. км 27,1 киши ). Аксуу, Жетөгүз жана Тоң райондорунун аянтынын көпчүлүк бөлүгүн тоолор ээлегендиктен калктын жыштыгы 1 кв. км 5,9; 5,1 жана 7,4 киши туура келет.

Коомдук өндүрүштүн процессинде өзүнүн физикалык жана интеллектуалдык жарамдуулугуна жараша калктын активдүү бөлүгү жана эмгек ресурстары катыша алат. Калктын саны жана эмгек ресурстарынын курамы калктын табигый кыймылынан жана өндүрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Эмгек ресурстарынын негизин калктын эмгекке жарамдуу бөлүгү түзөт.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында эмгек ресурстарынын жаш курагы каралган. Эркектер 16 дан 62 жашка чейин, аялдар 16 жаштан 57 жашка чейин. Мындан сырткары 1жана 2 группадагы майыптарга мамлекет тарабынан пенсия төлөнүп берилет.

Эмгекке жарамдуу жаш курагы адамдын организминин физиологиялык абалына жана өмүрүнүн узактыгына, ал эми аны пенсия менен камсыз кылуу коомдун социалдык-экономикалык абалына жараша болот.

Төрөлүүнүн деңгээли, өмүрүнүн узактыгы жана каза болуу калктын санына жана эмгек ресурстарына чоң таасирин тийгизет.

Саясаттын туруксуздугу,экономикалык каатчылык, жумушсуздук жана жашоонун материалдык жактан начарлашы төрөлүүнүн санын азайтат.

Айыл жергесинде төрөлүүнүн саны жогорураак, себеби шаарга караганда балдарды айылда багып өстүрүү жеңилирээк. Шаарда төрөлүү айыл жергесине салыштырганда азыраак. Шаарда аялдар индустриялык тармактарда иштешет ошону менен катар интернационалдык жашоонун мүнөзүнө байланышкан, шаардагы жашоонун кыйынчылыктары ж.б. (2 таблица).

Өмүрүнүн узактыгы жана өлүү калктын санына жана эмгек ресурстарына таасирин тийгизе турган экинчи фактору. Бул факторлор негизинен адамдын организмине, каптап турган чөйрөгө, экологиялык климатка, калктын жашоо шартынын деңгээлине жараша болот.

***Ысыкөл областындагы шаар жана айыл жергесиндеги каза болуунун коэффициенти***

*(1000 кишиге)*

*2 таблица*

| | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Шаар калкы | 8,0 | 8,1 | 8,0 | 8,3 | 10,0 |
| Айыл калкы | 8,1 | 8,1 | 8,4 | 7,7 | 8,8 |
| Област боюнча | 8,1 | 8,1 | 8,3 | 7,8 | 9,2 |

Областта демографиялык кырдаалдын проблемалары каза болуунун санынын єсїшї болуп эсептелет. Анын негизги себептери болуп, кан айлануу системасынын оорулары (каза болгондордун 47%), дем алуу органдарынын оорулары (15,8%), жаракат, жугуштуу жана паразит оорулары, ичеги-карын жана тамак сиўирїї органдарынын оорулары калган пайызды тїзєт.

Республиканын аймагында эмгекке жарамдуу курактын 3-4 эсе чоўдугу боюнча аялдарга салыштырганда эркектердин каза болуулары 1,2 эсе жогору. Социалдык-экономикалык каатчылыкта киши єлтїрїї жана єзїнїн ємїрїн кыюулардын саны єстї.

Эмгекке жарамдуу курактагы кишилердин каза болуусу башка курактагыларга салыштырганда кєбїрєєк. Бул кєрсєткїч эмгек ресурстарынын чоўдугуна тїздєн-тїз таасирин тийгизет. Ал эми каза болуунун санынын кыскарышы коомдун эмгек потенциалын жогорулатат.

Ємїрдїн узактыгы боюнча областта биздин республикага єнїгїї деўгээлине карата окшош мамлекеттерге салыштырганда жаман эмес. Калктын ємїрїнїн орто узактыгы боюнча 3 таблицадан байкоо жїргїзєбїз.

***Калктын жашоосунун орточо узактыгы***

*3 таблица*

| **Жылдар** | **Калктын бардык саны** | **Эркектер** | **Аялдар** |
|---|---|---|---|
| 1969-1970 | 67,9 | 63,6 | 71,8 |
| 1979-1980 | 66,0 | 61,1 | 70,1 |
| 1984-1985 | 66,6 | 62,5 | 70,2 |
| 1989-1990 | 67,9 | 64,1 | 71,1 |
| 1991-1992 | 68,2 | 64,9 | 71,5 |
| 1993-1994 | 68,1 | 64,2 | 71,0 |
| 1995-1996 | 68,1 | 64,1 | 71,0 |
| 1997-1998 | 68,1 | 64,0 | 71,1 |
| 1999-2000 | 68,0 | 63,9 | 71,0 |
| 2001-2002 | 68,0 | 64,0 | 71,1 |

Азыркы татаал демографиялык абал Ысыккєл областынын калкынын жашоосунун деўгээлинин тємєндєшїн далилдеп турат. Жумушсуздуктун кєптїгї, кєп їйбїлєлєрдє кедейликтин болушу, калктын материалдык жактан камсыз болушунун тємєндїгї, анын таасири калктын саламаттыгына тїздєн-тїз таасирин тийгизет. Калктын кєпчїлїк бєлїгїндє кургак учук, ичеги-карын, венерикалык, жаш єспїрїм курагындагы кептєєр оорулары кєп катталат.

Социалдык-экономикалык жана демографиялык процесстер єз ара тыгыз байланышкан. Ошонун себебинен калктын социалдык-экономикалык абалы жана эмгекке жарамдуулардын санынын азайышы, тєрєлїїнїн жана Ысыккєл областтынын калкынын жылдык орто эсебинин єсїшїнїн темпине таасирин тийгизет.

Тєрєлїїнїн санынын азайышы 16 жылдан кийин эмгекке жарамдуу куракт ын кыскарышына, же болбосо тескерисинче тєрєлїїнїн саны жогору болсо, эмгекке жарамдуу куракт ын жогорулашына алып келет.

Менчиктештирїї, экономиканын структуралык кайра курулушу-єндїрїштїк ишканалардын жабылышына, жумушсуздукка жана кедейликке жакындатты. Ал себептен калктын башка мамлекеттен иштеп кетїїсїнє алып келди. Єзгєчє славян улутундагы жана этникалык немец калкы.

*Ысыккєл областтынын сырткы миграциясынын жыйынттыгы*

*4 таблица*

| Жылдар | Келгендер | | Кеткендер | | Миграциялык єсїї | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кырг.Рес. | Ысыккєл областы | Кырг.Рес. | Ысыккєл областы | Кырг.Рес. | Ысыккєл областы |
| 1998 | 10219 | 432 | 15671 | 893 | -5452 | -461 |
| 1999 | 7879 | 366 | 17818 | 806 | -9939 | -440 |
| 2000 | 5349 | 226 | 27887 | 1294 | -22538 | -1068 |
| 2001 | 5048 | 151 | 31633 | 1816 | -26585 | -1665 |
| 2002 | 4893 | 195 | 32717 | 2215 | -27824 | -2020 |

Миграциялык кыймылдын натыйжасында Ысыккєл областтында гана эмес бїтїндєй республикада жогорку квалификациялуу адистердин санын жоготту. Себеби башка мамлекетке кеткен калктын санынын 80-90% ы эмгекке жарамдуу курактагылар.

Ысыккєл областтынын экономикасынын єнїгїшїнє сезондук миграциянын мааниси чоў. Туризм областтын экономикасынын эў негизги сектору болуп саналат. Їстїбїздєгї 2006-жылы областтын аймагында 1 млндон ашуун туристер эс алган.

Ысыккєл областты эмгек ресурстарынын єндїрїмдїїлїгїнїн мїнєзї боюнча жумуш менен камсыз кылууда тємєнкї кєрсєткїчтєгї регион болуп эсептелет.

АДАБИЯТТАР

1. Кыргыз Республикасынын демографиялык кїндєлїгї. 1998-2002.
2. Мусакожоев Ш.М., Гусев К.Б., Бубнов В.Г., Рысалиева М.Ш. О социально-экономическом развитии Иссык-Кульской области //Экономика и статистика. - Бишкек, 1998, № 3. с.13.
3. Кыргызстан в цифрах. Статистический сборник. -Бишкек, 2004.
4. Национальный отчет Кыргызской Республики по человеческому развитию за 1996 год. -Бишкек, 1996.